**УДК: 39 (575.2)**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-4-388-396**

**Жолдошев Н. Ж.**
тарых илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
turan_1@inbox.ru
**Ризаева Р.Р.**
педагогика илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
rirasulovna@gmail.com

# САЯК ЭТНОНИМИНИН ЭТИМОЛОГИЯСЫ

**Аннотация:** Макалада кыргыздын саяк уруусуусун аталышынын этимологиясы ассирия, грек, византия, кытай булактарындагы маалыматтар жана Х.Скёльд, Ж. ван Виндекенс, О.Семереньи, Г.У.Бэйли, В.Бранденштейн, М.Майрхофер, В.де Сен-Мартéн, Х.Лассен, С.Леви, В.Томашек, О.Франке, Ф.И.Страленберг, Г.Вамбери, Н.А.Аристов, В.В.Григорьев, Б.А.Литвинский, В.И.Абаев, Д.Е.Еремеев сыяктуу окумуштуулардын эмгектеринин негизинде иликтөөгө алынып изилденет. «Сак» этноними алгачкы жолу б.з.ч. 641-640-жылдарга таандык Ассирия жылнамаларында эскерилет. Кийинчерээк «сак» аталышын антикалык жана байыркы перс булактарынан кездештиребиз. Антикалык булактарда «сак» деген аталыш Орто Азия урууларына карата колдонулган, аларды көп учурда жамааттык, жалпы термин менен «скифтер» деп аташкан. Перстер бардык скифтерди сак деп аташкан. Окумуштуулар «Сак» этнониминин аталышын кыргыздын саяк уруусу менен байланыштырышат. Кыргыз санжырасында *Саяк* уруусунун түпкү теги *Сайрак*, Саксын, Сит деген эл экендиги баяндалып, кыргыз уруулары деп эсептелет. Макалада Саяк уруусунун курамында кездешкен «саяк», «чекир-саяк», «катаган-саяк», «күңгөй-саяк», «тескей-саяк», «чоң-саяк», «анык саяк», «накта саяк», «нак саяк», «чыныгы саяк», «чын саяк», «төрө-саяк», «чоро-саяк», «чоңко-саяк» аталыштарга кыскача аныктамалар берилген. Ошондой эле саяк элинин материалдык маданиятына байланыштуу «саяк элечек», «чоро тон», «саяк ээр», «саяк ат» деген этнографиялык аталыштар кездешет. Изилдөөнүн негизинде Саяк (Сайак) уруусу б.з.ч. I миң жылдыктарда Борбордук Азияда жашаган байыркы Сак көчмөн урууларынын түздөн-түз урпагы болуп, анын аталышы Сайак (Саяк) – «даңктуу», «атактуу», «эң мыкты», «чыгаан», «кыраан», «колдоочу», «жортуулчу», «бир жерге токтобогон», «көчмөн» уруу же эл деген мaанилерди тюндурат.

**Негизги сөздөр:** сак, се, сай, сагай, саха, саяк, чекир-саяк, катаган-саяк, күңгөй-саяк, тескей-саяк, чоң-саяк, төрө-саяк, чоро-саяк, чоңко-саяк.

**Жолдошев Н. Ж.**
кандидат исторических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
turan_1@inbox.ru
**Ризаева Р.Р.**

кандидат педагогических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
rirasulovna@gmail.com

## ЭТИМОЛОГИЯ ЭТНОНИМА САЯК

**Аннотация:** В статье на основе данных ассирийских, греческих, византийских, китайских источников и трудов Х.Скельда, Ж. ван Виндекса, о.Семерены, Г.У.Бэйли, В.Бранденштейна, М.Майрхофера, В.де Сен-Мартена, Х.Лассена, С.Леви, В.Томашека, О.Франке, Ф.И.Страленберга, Г.Вамбери, Н.А.Аристова, В.В.Григорьева, Б.А.Литвинского, В.И.Абаева, Д.Е.Еремеева исследуется этимология названия кыргызского племени Саяк. Этноним «Сак» впервые упоминается в ассирийских летописях, датируемых 641-640 гг. д.н.э. Позже мы найдем название «сак» как в античных, так и в древнеперсидских источниках. В античных источниках название «сак» применялось к среднеазиатским племенам, которых часто называли собирательным, общим термином «скифы». Персы называли всех скифов саками. Ученые связывают этноним «Сак» с кыргызским племенем Саяк. В кыргызском санжира народ Сайрак, Сак, Сит считается прародителями кыргызского рода Саяк. В статье даны краткие определения названий «саяк», «чекир-саяк», «катаган-саяк», «кунгой-саяк», «тескей-саяк», «чон-саяк», «анык-саяк», «накта-саяк», «накта-саяк», «накта-саяк», «чын-саяк», «торо-саяк», «чоро-саяк», "чонко-саяк" встречающихся в составе племени Саяк. Также в связи с материальной культурой народа Саяк встречаются этнографические названия «саяк элечек», «чоро тон», «саякское седло», «саякский конь». На основании исследования племя Саяк (Сайак) являясь прямым потомком древних Сакских кочевых племен, населявших Центральную Азию в I тысячелетии до н. э., и его название Сайак (Саяк) означает «славный», «знаменитый», «самый лучший», «восходящий», «странствующий», «непреклонный», «кочевой» род или народ.

**Ключевые слова:** сак, се, сай, сагай, саха, саяк, чекир-саяк, катаган-саяк, кунгей-саяк, тескей-саяк, чон-саяк, торо-саяк, чоро-саяк, чонко-саяк.

**Joldoshev N. J.**
Candidate of Historical Sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek
turan_1@inbox.ru
**Rizaeva R.R.**
Candidate of Pedagogical Sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek
rirasulovna@gmail.com

## ETYMOLOGY OF THE ETHNONYM SAYAK

**Abstract:** The article etymology of the name of the Kyrgyz Sayak tribe provides information from Assyrian, Greek, Byzantine, Chinese sources and X.Skeld, J. van Vindex, O.Semereni, G.W.Bailey, V.Brandenstein, M.Mayrhofer,V.de Saint Martin, H.Lassen, S.Levy,V.Tomashek,

O.Franke,F.I.Stralenberg, G.Vambery, N.A.Aristov,V.V.Grigoriev, B.A.Litvinsky,V.I.Abaev, D.E. Based on the works of such scientists as Yeremeyev N. The ethnonym "Sak " was first mentioned by B.Z.ch. It is mentioned in the Assyrian chronicles dating back to 641-640 years. Later we will find the name "sak" in both ancient and ancient Persian sources. In ancient sources, the name "Saxons" was applied to the Central Asian tribes, which were often called by the collective, general term "Scythians". The Persians called all Scythians guardians. Scientists associate the name of the ethnonym "Sak" with the Kyrgyz Sayak tribe. The Kyrgyz genealogical dictionary says that the Sayak clan is the Sairak, Saks, Sit people, and is considered a Kyrgyz tribe. The article provides brief definitions of the names "Sayak", "chekir-Sayak", "katagan-Sayak", "Kungoi-Sayak", "teskey-Sayak", "Chon-Sayak", "anyk-Sayak", "nakta-Sayak", "nakta-Sayak", "nakta-Sayak", "chin-Sayak", "chin-Sayak", "Toro-Sayak", "CHORO-Sayak", "chonko-Sayak", found in the Sayak tribe. Also, in connection with the material culture of the Sayak people, there are ethnographic names "Sayak elechek", "CHORO ton", "Sayak saddle", "Sayak horse". Based on the research, the Sayak tribe (Sayak) b.Z.ch. Being a direct descendant of the ancient Saka nomadic tribes inhabiting Central Asia in the 1st millennium BC, its name Sayak (Sayak) is "glorious", "famous", "the best", "ascending", "crane", "supportive", "wandering", "adamant", "nomadic"family or people.

**Keywords:** sak, se, sai, sagai, sakha, sayak, chekir-sayak, katagan-sayak, kungei-sayak, teskey-sayak, chon-sayak, toro-sayak, choro-sayak, chonko-sayak.

Кыргыз санжырасыда жана тарыхый булактарда саяк уруусуна байланышкан «саяк», «чекир-саяк», «катаган-саяк», «күңгөй-саяк», «тескей-саяк», «чоң-саяк», «анык саяк», «накта саяк», «нак саяк», «чыныгы саяк», «чын саяк», «төрө-саяк», «чоро-саяк», «чоңко-саяк», муну менен катар саяк элинин материалдык маданиятына байланыштуу «саяк элечек», «чоро тон», «саяк ээр», «саяк ат» деген этнографиялык аталыштар бар.

С.М.Абрамзон Байызбектен таралган саяк уруусун *«чоң-саяк»*, Эсенкан Төрөкан уулу *«накта саяк», «нак саяк»*, Т.Султанов *«анык саяк»*, көлдүк саяктардан чыккан белгилүү инсан Садыр акеге арналган китепте *«чыныгы саяк», «чын саяк»*, ал эми кетмен-төбөлүктөр *«төрө-саяк»* – деп аташат.

Саяк уруусунун курамындагы «чекир-саяк» аталышы бул уруктун түп атасы Шакир молдонун көзү көк болгондуктан аны Чекир молдо деп атап калышканына байланыштуу келип чыккан.

Саруу уруусунан чыккан Эр Эшим хан катагандын хан Турсунунун талкалагандан кийин, олжого анын кызы колго түшөт. Ошол кызды Эшим хан жездеси чекир-саяктын Түгөл байына тартуу кылат. Түгөл бай аны үчүнчү аялынан болгон Мангыт деген баласына алып берет. Ошол катаган кызынан – Сүйөркул, Кызыгул, Эсиркемиш. Булар энесинин аты менен – *«катаган-саяк»* деп атак алышты. Чынында алар чекир-саяктар, катаганга жээн.

Ысык-Көл облусунда жашаган саяк уруулары аймактык жайгашуусуна байланыштуу *«күңгөй-саяк», «тескей-саяк»* деп аталышат.

Сайак (саяк) этноними байыркы сак элинин аталышына барып такалат. Ал жогоруда биз келтирген оозеки жана тарыхый маалыматтар менен тастыкталган. Сак(а) этнониминин (иран тилинин негизинде) этимологизациясы боюнча пикирлердин жыйындысы Б.А.Литвинскийдин эмгегинде келтирилген [1, 156–158-бб.].

Сак [са:к], байыркы-ассирия. Spakā, байыркы-перс. Sakā, байыркы-грек. Σάκαι, кытай жылнамаларында Saï же Sək, лат. Sacae – б.з.ч. I миң жылдыктарда Борбордук Азияда жашап, кийинчерээк түрк тилдүү элдердин курамына кирген байыркы көчмөн уруулар.

Геродот, Страбон жана башка антикалык авторлордо Σάκαι (сакай) деген ат менен аталышса, Индияда «шака» деп аталып, көптөгөн: «Пураны», «Ману-смрити», «Рамаяна, «Махабхарата», «Махабхашья» Патанджали, «Брихат-Самхита» Варахи Михиры, «Кавьямиманса», «Брихат-Ката-Маньяри», «Ката-Саритсагара» жана башка байыркы индиялык булактарда белгилүү болушкан. Будда динин негиздөөчү Будда Гаутаме Шакья (Сакья) уруусунан чыккан.

«Сак» этноними алгачкы жолу б.з.ч. 641-640-жылдарга таандык Ассирия жылнамаларында эскерилет. Кийинчерээк «сак» аталышын антикалык жана байыркы перс булактарынан кездештиребиз. Антикалык булактарда «сак» деген аталыш Орто Азия урууларына карата колдонулган, аларды көп учурда жамааттык, жалпы термин менен «скифтер» деп аташкан. Перстер бардык скифтерди сак деп аташат деп билдирет Геродот. Плиний боюнча перстер скифтерди жалпысынан сактар деп аташкан. Чындыгында эле, байыркы перс булактары дал ушул урууларды «сак» термини менен аташкан.

Антикалык доордо эле «сак» этнонимин чечмелөөгө аракет жасалган. Скиф уруулары кеңири өсүп, атактуу падышаларга ээ болгон, алардын ысымдары менен айрымдары сак, кээ бирлери массагет, аримаспа жана башка деп атала баштаган, деп жазган Диодор. Башкача айтканда скиф урууларынын башында турган атактуу уруу башчылардын аты менен ошол уруулар аталышкан деген ойду айткан.

Мындан тышкары, «сак» этнонимин «калкан» (грек. σάκος) түшүнүгү менен байланыштырган кандайдыр бир байыркы грек салты болгон. Стефан Византиялык бул жөнүндө мындай дейтт: «Алар ойлоп тапкан курал-жарактан (калкан) скифтерди «сак» эли деп аташат» [2, 43-б.]. Бул жерде сак сөзү түркчө сак/сагы «калкан, коргоо, сак» деген маани менен жакындашат. Ошондой эле түрк. сагдак – «саадак», башкача айтканда, «жааны огу менен сактоочу кутуча».

1931-жылы алгачкылардан болуп «сака» этнонимин «ит» деп чечмелөөнү швециялык лингвист Ханнес Скёльд сунуш кылган. Ал Асархадон доорундагы чопо цилиндрдеги Išpakai деген ассириялык жазууга негизделген. Х.Скёльд бул элдин аты, Saka деген ысымдын эң байыркы формасы, тагыраагы – Spaka деп эсептейт [3, 1–5-бб.].

Андан көп өтпөй, 1949-жылы, белгиялык лингвист Алберт Ж. ван Виндекенс Х.Скёльддун бардык жүйөлөрүн толугу менен кабыл алып, жаңы божомол, тактап айтканда, түпнуска формасы байыркы иран сөзү spaka – «ит», мидиялык σπάκα тарабынан күбөлөндүрүлгөн – азыркы тажик-перс sag, башкача айтканда, сактар өздөрүн «кайтаруучу ит» деп белгилешкен [4, 98-б.]. Бул этимология Р.Кент тарабынан кабыл алынган.

«Сака» этнонимин башка дагы бир түшүндүрмөсү 1949-жылы совет-осетин изилдөөчүсү В.И.Абаев тарабынан сунушталган. «Персия падышасы Дарий I жазууларында скифтер *saka* деп аталат. Сыягы, бул алардын аттарынын бири болгон. *Saka* осетиндердин *sag* – «бугу» сөзүнө жакындап жана скифтердин бир бөлүгү өздөрүн тотемдик жаныбардын аты менен – «бугу» деп аташканын көрсөтөт» [5, 37,49,179-бб.], деп жазып, *saka* «бугу» дегенди билдирет деген оюн айтат.

Венгер жана англиялык лингвист, индо-европеист, этимолог Освальд Семерены saka сөзүн байыркы ирандык sak – «кетүү», «чуркоо», «агуу» деген сөздөн келип чыккан деп эсептейт [6, 212-б.]. 1951-жылы О.Семерены жогорудагы этимологияларды сынга алып: «Ахемениддер тарабынан бардык түндүк көчмөндөр үчүн жалпы термин катары колдонулган saka – «ит», «бугу» же «күчтүү» дегенди билдирбейт. Бул элдердин көчмөн катары жалпы мүнөздөмөсүнө

ылайык, алардын аты sak – «кет, тентип кет» деген сөздүн тамырынан гана билиниши мүмкүн, андыктан saka «тентип жүргөн», «селсаяк көчмөн» дегенди билдирет [7, 46-б.], деп жазат.

1958-жылы белгилүү англис лингвисти, хотан (сак), санскрит, иран тилдерин изилдөөчү Гарольд Уолтер Бэйли saka аталышы жөнүндө төмөнкү ойлорду жана сын-пикирлерин билдирген. Ал «saka этнониминин баштапкы мааниси сакталбай калган, бирок иран урууларында «эркек» маанисине ээ уруу аттары белгилүү. Анын ою боюнча, «Ригведанын» тилинде su-śáka «эркек» сөзүнүн эпитети. Ошондуктан, saka saктан жасалган, «кубаттуу», «күчтүү», «чебер» деген маанидеги сын атооч болушу мүмкүн. Демек, сака этноними «кубаттуу адамдар» дегенди билдирет» [8, 133-б.], деген оюн айткан.

Башка жогоруда келтирилген этимологияларды баалап, Г.У.Бэйли мындай деп жазган: «Осетиндик *sag* – *saka* «бугу» же śvan –«ит» болобу, *saka* деген атты жаныбардын аты менен байланыштыруу сунуштары четке кагылышы керек. Ошондой эле saктын – «жылуу» (кыймылдоо) туундусу кабыл алынгыс болуп саналат»[8, 133-б.].

«Изилдөөчүлөр сака этнонимин бир гана иран тилдеринин негизинде этимологизациялоого аракет кылышкан, анткени алар сунуш кылган концепция ушуну талап кылган, бул гипотезалардын бардыгы иранистердин фантазиясы. Себеби, *saka* этноними такыр иран тектүү этноним эмес» [9, 42-б.] – деп жазат азербайжан изилдөөчүсү Г.А.Гейбуллаев. Андан ары ал, биздин оюбузча, В. Бранденштейн менен М.Майрхофер бул маселе боюнча өз ойлорун эң логикалуу түрдө билдиришкен: алар «Сак этнониминин келип чыгышы так чечилген эмес» [10, 142-б.] деген тыянакка келишкен, деп алардын оюна кошулат.

Кытай жылнамаларында сактар *Sai* деп аталат. Таң мезгилинде *Sək* деп айтылышкан [11, 251-б.]. Санскрит тилиндеги śak – «күчтүү, жөндөмдүү, күчтүү болуу» деген уңгудан śaka формасы келип чыккан чыккан деп жазат С.Конов [12, XVI, XX-бб.].

Улуу муундагы синологдор кытай жылнамаларындагы *Sai* атын Szu (Klaproth), Su (De Guignes), Saï (Remusat), Sse (Julien) жана Se (Schott) сыяктуу ар кандай транскрипциялашып, бул Sai уруусу грек-рим Σάκαι, Sacae жана индия авторлорунун Śaka менен бирдей деп эсептешкен.

Азыркы убакта sak=sai теңдемеси жалпы кабыл алынган, бирок бир кезде ал узак талкууну жаратып, ага эки синолог эмес: француз географы Вивье́н де Сен-Марте́н [13, 263-б.] жана белгилүү санскрит таануучу, тарыхчы жана археолог Христиан Лассен [14, 362–363-бб.]негизинен форманын аталышынын (б.а. Sai, Szu ж.б. бир жагынан, экинчи жагынан Sakai, Sacae, Saka ж.б.) дал келбестигинен улам бул идентификацияга каршы чыгышкан.

Бирок бул күмөн негизсиз, санскриттен котормолордо кытайлыктар «сака» терминин «сэ» аркылуу үзгүлтүксүз берип келишкен, деп жазат француз чыгыш таануучу, индолог жана лингвист Сильвен Леви [15]. Ал эми чех-австриялык географ жана чыгыш таануучу Вильгельм Томашек сак жана массагет уруулары менен «сэ» бир экендигин ишенимдүү кабыл алган [16, 52-б.]. Немец синологу жана тарыхчысы Отто Франке 1907-жылы өз эмгегинде «Sok жана Sakai, Sacae же Saka аттарынын бир экендиги жөнүндө эч кандай шек жок» [17, 677-б.] деп баса белгилеп кеткен.

Орус илимпоздору да өз эмгектеринде кытай жылнамаларындагы *Се*, *Сай,Су* ж.б. аталыштар Сак элинин кытайча транскрипциясы экендиги менен макул болушат. Чыгыш таануучу, тарыхчы В.В.Григорьев өз эмгегинде: «Кытайлыктар тарабынан *Се*, же башкача *Сай* жана *Су* деп аталган эл, грек жазуучуларынын Сактары менен бир экендиги бардык европалык изилдөөчүлөр тарабынан таанылган.  Биз, башка чыгыш таануучулар менен бирге, Се элин Сактар менен бир эле деп тааныйбыз» [18, 128, 140-бб.] – деп жазган.

Советтик мезгилде да «сак» этнониминин чечмелөөгө аракеттер жасалган. Кара калпак илимпозу Д.Айтмуратов: «сак деген этникалык аталыш, байыркы убакта шак формасында да колдонулган» [19, 171, 174–175-бб.] – деп жазып, «сак» этнониминин маанисин байыркы түрк сөзү «чагык» менен байланыштырып, «өрүлгөн чачтуулар» деп божомолдойт. Татар илимпозу М.З.Закиев сак/сака этноними салттуу түркологияда индоиран сөзүнүн «мүүз» деген маанисинде саналып, ал эми жаңы, заманбап түркологияда сак/сака/сой – бул «бала, сезимтал, уруу, урук» деген маанини берерин» белгилеген.

Изилдөөчүлөр *сак* этнонимин якуттардын мурунку аты *саха,* хакастардын *сагай* уруусунун аталышы менен окшоштуруп, бул этнонимдерди бири-бирине жакындаштырышат.

Швед офицери Ф.И.Страленберг якуттардын «саха» уруу аталышын VI кылымдагы Византия тарыхчысы Прокопийге шилтеме берүү менен грек-фарс жазууларындагы «сактар» менен окшоштугун тастыктайт [20]. Ф.И.Страленберг алгачкылардан болуп «саха» этнонимин байыркы «сак» аталышы менен байланыштырган.

Н.А.Аристов «саха» этнонимин «сагай» аталышы менен окшоштуруп, якуттар (саха) түрк сагай уруусунун бир бөлүгү деп, ал экөөсүн байыркы *сака* же *са, се* түрк уруусунун калдыгы катары караган [21, 329–333-бб.].

Г.Вамбери: «Якуттар өздөрүн Sakha (Саха) деп аташат, көп санда Sakhalar (Сахалар), анык түрк калдыгы, алтай элдеринин арасындагы Sakaj (Сагай) аталышы гана эмес, гректер менен перстер Ирандын чыгыш тарабыдагы түрктөрдү аташкан байыркы «Sakha» аты менен окшоштукка ээ» [22, 149-б.] – деп жазып, *саха* этнонимин алтайлык *сагай* уруусунун жана байыркы *сак* аталыштары менен жакындаштырып, аларды түрк урууларына кийирген.

Д.Е.Еремеев: «Сактар өз этнонимин түрк элдеринин жана урууларынын бир бөлүгүнө: *саха* (якуттардын өз аты), *сакар* (түркмөн уруусу), *се, сай, сагай, саяк* жана башка алтайлык урууларга жана башка түрктөргө мураска калтырышкан. Балким, кытайлаштырылган түрктөрдүн мекенинин аталышы – легендарлуу *Со* өлкөсү, ошондой эле венгрлердин *секлер* этнографиялык тобунун аталышы *сак* этнонимине байланыштуу болушу мүмкүн» [23, 140-б.], деп, *саха, сагай, саяк* этномдерин жана байыркы сяньбилердин *Со* өлкөсүн *сак* этнониминин аталышы менен окшоштуруп, этнографиялык жактан байланыштырат.

«Сак» деген сөздүн кыргыз тилиндеги маанилери: сак – «этият», «кылдат», «сак адам»; «соо, дени сак адам», сак – «кудурет», «касиет», сэк – «ит»; маанилерин берет. «Сак» түз маанисинде «сак адам» дегенди билдирген «сакман», «сакчы», «сактоочу» деген сөздөр каймана маанисинде: «кароолчу», «кайтаруучу», «коргоочу» дегенди түшүндүрөт.

Ал эми «сак» этнониминин кытай тилинде «се», «сай» деп айтылышы жөнүндө. Кыргыз тилинде «сай» лексикону эң сонун сакталган. Мисалы: «сай» – «даңктуу», «атактуу», «эң мыкты», «чыгаан», «кыраан»; «сай» – «колдоо», «жөлөө» деген маанилерди берет.

Кыргыз санжырасында *Саяк* уруусунун түпкү теги *Сайрак* (Тоголок Молдо), Саксын (Анвар Байтур), Сит (Сарпабай Жаңыбай уулу) деген эл экендиги баяндалып, кыргыз уруулары деп эсептелген. Тоголок Молдо, Ныл дарыясынын боюн жердеген көчмөндүү калың Кыргыз болгон. Алардын уругун сит деп атаган (сайах), демек, ар дайым аңчылык, жаңы журтка күн сайын которулуп көчүп жана жортуулда жүрүүчүлүк аркасында сайах деп койгон. Ж.Муканбаев боюнча сайак деген сөз «бир жерге токтобогон» деген маанини берет.

«Манас» изилдөөчү Т.Абдыракунов: Саяк – «сыя-ок» деген иран сөзүнөндүр? Ал «кара адам», «кара эл» деген мааниге ээ. Андай болгон учурда да «кара» кыргыз тилинде – «байыркы», «улуу», «чоң» деген сөз. Демек, Т.Абдыракунов боюнча саяк этноними «байыркы», «улуу», «чоң» уруу же эл деген маанини берет.

Тарыхчы Байас Турал Ю.А.Зуев менен С.Закировдун эмгектерине таянып, сак – «куштун канатын» түшүндүрөсө, «саятчы» – кыраан кушту таптаган мүнүшкөр, демек, «саят» – «кыраан куш» деген сөз. Андай болсо, кыргыздын байыркы ири уруусунун бири – «саяктын» аты – «кыраан кушту» билдирет. Анткени ал өзү «куш» атын алып жүргөн элдин бир бутагы. Экинчиден саяк деген сөздүн негизинде байыркы арий тилиндеги «кшай» (формалары: «кшай – шай», «ксай-сай», «ктай-тай» ж.б.) сөзү жатып, ал «хан», «бек», «төрө» деген маанилерди берет. Саяк – «саг(к)+ок» деген сөздүн курамынан жаралып, «к» – «й» тамгасына өтөт да «сак-ок» – «сай-ок», «саяк» болуп айтылган формага келет. Кыргыз тилинин мыйзамы боюнча «сакок» – «саёк» формасына өтөт [24, 150–151-бб.]. Б.Турал боюнча саяк этнониминин негизинде «мыкты», «тандалган», «ак сөөк» уруу же эл деген маани жатат.

**Демек, жогоруда келтирилген маалыматтардын негизинде кыргыздын Сайак (Саяк) уруусу байыркы-ассирия. Spakā, байыркы-перс. Sakā, байыркы-грек. Σάκαι, лат. Sacae, индия авторлорунун Şaka (Шака), кытай жылнамаларына Saï, Szu, Su, Sse, Se, So же Sək деп түшкөн, кыргыздын оозеки маалыматтарында Сайрак, Саксын, Сит, Сайах деп аталган – б.з.ч. I миң жылдыктарда Борбордук Азияда жашаган байыркы Сак көчмөн урууларынын түздөн-түз урпагы. Сайак~Сай+ок – «даңктуу», «атактуу», «эң мыкты», «чыгаан», «кыраан», «колдоочу», «жортуулчу», «бир жерге токтобогон», «көчмөн» уруу же эл деген маанилерди тюндурат.**

Этнонимдин параллелдери: Сака этноними киммерийлер менен скифтердин арасында сой/дай формасында кезигет. Алгач бул этноним төөлөс урууларынын курамына кирген. Алардын ичинде уйгур, курыкандар менен катар кытай булактары *сейке* уруусун жайгаштырышат. Саха – якуттардын алгачкы аталышы, казактарда – сакау, кара калпактарда – саку//саху, түркмөндөрдө – сакав, сакар, сакгар, сакы, сагир, шаг, хакастарда – сагай, өзбектерде – шакай жана шекей, Тажикстандын түштүгүндө жашаган лакай жана катаган урууларынын курамында сакау, кытайлык кыргыздарда – сакоо кыпчак, кыргыздын кушчу уруусунда – сакалды, кытайда – шекер, нойгутта – сакы, саруудa – сака, сакоо, шекер, солтодо – саке, тейитте – шака, саякта жана чекир саякта – сака, сакай формаларында катталган.

Сактар Иранды бийлеген учурдан тарта «сак» «шах» формасына өтүп, алардын хандарынын титулун түшүндүрүп калган.

Евразия чөлкөмүндө сак этнонимине байланышкан көптөгөн топонимикалык аталыштар сакталып келет. Мисалы: Саки шаары, Саки көлү (Крымда), Шакашен и Шаки (Азербайджанда), Шаки Татарстан менен Туркияда, Сисакан, Сейстан (Арменияда), Шакабад, Сакан Иранда, Баласакан Кавказда, тарыхий географиялык облус Систáн (Сакастан) Иран менен Афганистанда, Баласагын, Сакалды, Сок Кыргызстанда ж.б..

## Колдонулган адабияттар

1. Литвинский Б.А. Древние кочевники «Крыши мира». – М.: Издательство «Наука». Главная редакция восточной литературы, 1972.
2. Литвинский, Б.А., Пьянков, И.В. Военное дело у народов Средней Азии в VI–IV вв.до н. э. // ВДИ, 1966, № 3.
3. SKÖLD, H. Bulletin de la Societe des Lettres. – Lund, 1931-2.
4. Van Windekens A. J. Les noms des Saces et des Scythes // Beitrage zur Namenforschung, 1949. – I.

5. Абаев, В.И. Осетинский язык и фольклор, I. – М.-Л., 1949.
6. Szemerenyi, O. Iranica // ZDMG. – Bd. 101. – Wiesbaden, 1951.
7. Szemerenyi, O. Four old iranian etnic names Skuthian – Scudia – Sogdian – Saka. – Wien: Verlag der osterreischen Akademie der Wisenschaften, 1980.
8. Bailey, H. W. Languages of the Saka // Handbuch der Orientalistik. – Bd 4. Abschnitt I. – Leiden; Köln: E. J. Brill, 1958.
9. Гейбуллаев Г.А. К этногенезу азербайджанцев.– Баку: Элм, 1991. – Т. 1.
10. Brandenstein W., Mayrhofer M. Handbuch des Altpersischen. – Wiesbaden: Otto Harrassowitz, 1964.
*11. Haloun, Gustav. Zur Üe-tsi-Frage // Zeitschrift der Deutschen Morgenländischen Gesellschaft : ZDMG. – Leipzig: Kommissionsverlag F.A. Brockhaus, 1937. – Bd. 91.*
12. Konow S. Kharoshthi inscriptions with the exceptions of those of Asoka. – Calcutta, 1929. – Corpus Inscriptionum Indicarum. – Vol. II. – Pt. l.
13. Vivien de St.-Martin. Les Huns blancs ou Ephtalites des historiens byzantines, Paris, 1849.
14. Lassen, Ch. Indische Alterthumskunde. – Bd. 2. Geschichte von Buddha bis auf die Ballabhi- und jungere Gupta dynastie. – Bonn: Köenig, 1852.
15. Lévi, S. Notes sur les Indo-Scythes // Journal Asiatique. – Vol. 8. – P. 444-484; Journal Asiatique. – Vol. 9.1896, – Neuvième Série: – P. 5-42.; Lévi S. Notes on the Indo-Scythians // The Indian Antiquary. –Vol. 32, 1903. – P. 381-389; The Indian Antiquary. – Vol. 33, 1903. – P. 10-16.
16. Tomaschek, W. Kritik der altesten Nachrichten fiber den skythischen Nordsn, II. Die Nachrichten Herodot's fiber den skythischen Karawanenweg nach Innerasien // Sitzungs-Berichte der Wiener Akademie der Wissenschaften: SBAW, 1889. – Bd 117.
17. Franke, O. The identity of the Sok with Sakas // The Journal of the Royal Asiatic Society of Great Britain and Ireland, 1907, Jul.
18. Григорьев, В.В. О скифском народе саках. – СПб.: Типография Императорской Академии Наук, 1871.
19. Айтмуратов, Д. Тюркские этнонимы. – Нукус,1986.
20. Strahlenberg, Ph. J. von. Das Nord-und Ostliche Theil von Europa und Asia. – Stockholm: Strahlenberg, 1730.
21. Аристов, Н.А. Заметки об этническом составе тюркских племен и народностей // Живая старина, 1896. – Вып. III–IV.
22. Vámbéry, H. Das Türkenvolk in seinen ethnologischen und ethnographischen Beziehungen. – Leipzig: F.A. Brockhaus, 1885.
23. Еремеев, Д.Е. К семантике тюркской этнонимии // Этнонимы. – М.: Наука, 1970.
24. Баяс Турал. «Сай» же «саяк» этнонимдеринин этимологиясы // Баяс Турал. Алтын казык Аксы. – Бишкек: Турар, 2018.

**Рецензент: доктор исторических наук, и.о. профессора Капалбаев О.Э.**